# Өзүнчө жүргөндөр алдыга озуп кетти

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсу) Меккенин жолунда бара жатып, Жумдан деп аталган тоонун жанынан өткөндө: "Баскыла! Бул Жумдан тоосу. Өзүнчө жүргөндөр алдыга озуп кетти" - деди. Сахабалар: "О, Аллахтын элчиси, өзүнчө жүргөндөр деген кимдер?" - деп сураштЫ. Ал: "Аллахты көп эстеген эркектер менен аялдар" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган.]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахты көп эстеген адамдардын даражасын баяндап, алар башкаларды артында калтырып, жалгыздап, бейиштин бийик даражаларына озуп кетти деп айтат. Алардын жалгыздап кеткенин Жумдан тоосуна салыштырат. Анткени, Жумдан тоосу айланасында башка тоо жок жалгыз тоо болчу.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee